**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин**
**«Хирургиялыкдисциплиналар травматология курсу менен»**
**кафедрасынын**
**кезектүү**
**№5 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

24.11.2023 ж.
**Төрага: м.и.к., доцент О.И. Курбанбаев**
**Катчы: Курманбек кызы Айзирек**
**Катышкандар: 22**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 412окуу каанасы***

**Күн тартиби:**

1. 1-модулдун жыйынтыгын маалымдоо. Сабакка келбеген студенттердин тизмесин тактап алар менен иш алып баруу.
2. Кафедрадагы аспиранттардын отчеттору.
3. ОМКнын абалы.
4. Scopus журналдарына макала жарыялоо жана QS рейтиңг боюнча талкулоо.
5. 1-жарым жылдыкта предметтер боюнча тесттик суроолорду түзүп кафедранын чечими менен бекитүү.
6. КРнын ЖОЖнун биринчи улуттук рейтиңги туралуу, эксперттерди жана иш берүүчүлөрдүн тизмесин тактоо .
7. Ар турдуумаселелер
   1. *Электрондукжурналдардынтолтурулууабалы;*
   2. *Жаңы жылдык кече;*

1. **Угулду.**Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** 1-модул жыйнтыктары сабактарды өтүүнүн абалы, сабакка келбеген студенттер менен иш алып баруу, аларга чара көрүү боюнча маселе талкууланып жана клиникалык ооруканааларда өтүүчү окуутучуларды көзөмөлдөөнү талкуулап отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат.

2. **Угулду**. Аспирант Абдирайимов Искендер Султаналиевич: диссертациянын биринчи главасын долбоорлоо менен диссертациялык иштин темасы боюнча (илимий мезгилдүү басылмаларда жарыяланган макалалар, авторефераттар жана өзүмүн темама окшош темадагы диссертациялар) адабиятка обзор өткөрдүм. Ошондой эле материалдарды чогултуу (Кыргыз Республикасынын Ош шаары, Жалал-Абад облусу боюнча архивдик материалды талдоо), статистикалык талдоо жана маалыматтарды иштеп чыгуу

Сканировано с CamScanner

(оорулуулардын курагы, жынысы, коштолгон оорулар, баш мээси менен ооругандардын өлүмүнүн себептери) боюнча иштерди жасагам.

Бир нече жолу эл аралык жана аймактык деңгээлдеги конференцияларга, семинарларга жана симпозиумдарга катышып, онлайн жана салттуу форматта өткөн, ошондой эле аспиранттарды даярдоо боюнча сабактарга катышкам.

**Кафедранын дагы бир аспиранты Эргешбаев Медер Мурзапаязович**

Илимий иштин темасы: "Ар кандай келип чыккан перитонитте системалуу сезгенүү жооп синдромун коррекциялоо мүмкүнчүлүктөрү"

Илимий жетекчиси: медицина илимдеринин доктору, доцент Ыдырысов Исматилла Токтосунович.

Авторефераттар жана диссертациялар изилденген: "Кеңири жайылган ириңдүү перитонитте системалуу сезгенүү реакциясынын синдромун комплекстүү коррекциялоо" Д.В. Владимиров 2010.«Кеңири жайылган перитониттин операциядан кийинки мезгилдеги системалык сезгенүү жооп синдромун фармакологиялык коррекциялоо» Н.Б. Горбачев 2009-ж. Тандалган диссертациянын темасы боюнча адабияттарга обзор жүргүзүлдү. Окшош темалар боюнча тандалып алынган кандидаттык диссертацияларды, диссертациялардын авторефераттарын, учурдагы басылмаларды, монографияларды, макалаларды карап чыктым. Бул иштин натыйжасы диссертациянын биринчи главасынын долбоорун жазуу болуп саналат.

Отурумдун мүчөлөрү аспираттардын отчетун угуп төмөндөгүдөй чечим кылат.

3. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** кафедранын ОМК боюнча жооптуусу Курманалиев Нурлан Камбаралыевичке сөз берди. Ал ар бир дисциплинадан сабак учурунда сабактын иштелмеси, окуу методикалык колдонмолору болуусу зарыл экенин билдирди. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

4. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** scopus журналдарына макала жарыялоо жана QS рейтиңги көтөрүү боюнча отурумдун мүчөлөрүнө ушул жылы ар бир окутуучу макала чыгаруусу керектигин,план боюнча биздин кафедрага 16 макала чыгаруу милдеттендирилди деп айтты. Отурумдун мүчөлөрү кафедра башчынын сөзүн угуп төмөндөгүдөй чечим кылат.

5. **Угулду. Кафедранын завуч окутуучусу Кайыпов Абдумажит Абдразакович** 2-жарым жылдыка карата экзамендик сууроолор түзүлүп, факультеттин тестологунан бекитүү керектигин айтты. Экзамендик суроолор предметтин кредитине жараша түзүлүп, стандартка жооп берүүсү керек. Отурумдун мүчөлөрү төмөндөгүдөй чечим кылат.

6. **Угулду.**Отурумдун төрагасы,**м.и.к. доцент О.И. Курбанбаев** Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун улуттук рейтинги – бул ЖОЖ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматына, анын окутуучуларынын авторитетинин деңгээлине, анын программаларынын сапатына баа берүү. Улуттук рейтинг Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун ишмердүүлүгүнө объективдүү жана негиздүү баа берүү жана аларды коомчулук, иш берүүчүлөр жана мамлекет тарабынан кабыл алуу максатында жүргүзүлөт. Рейтингдер колдонуучуларга бир булакта чогултулган жана берилген пайдалуу жана оңой салыштырылуучу маалыматтарды берет. Университеттин рейтингин көтөрүү үчүн ОшМУда атайын бөлүм да иштейт. ЖОЖдор арасындагы Улуттук рейтингди аныктоо иштери QS эл аралык рейтингине даярданууга жана катышууга да мүмкүнчүлүк берет. Университетибиздин рейтингин көтөрүү үчүн кафедранын ар бир мүчөсү зарыл болгон ар тараптуу жумуштарды алып баруубуз абзел

Сканировано с CamScanner

экендигин кафедра башчы айтып өттү. Азыркы күндө ЖОЖдор арасында улуттук рейтингди аныктоо EdNet агенттиги тарабынан жүргүзүлүүдө. Кафедра тарабынан 10 эксперт жана 7 иш берүүчүнүн тизмеси EdNet агенттигинин сайтына жүктөлдү. Отурумдун мүчөлөрүмаселени талкуулап сунуш талаптар менен төмөндөгүдөй токтом кылат.

7. **Ар түрдүү маселелер** боюнча отурумдун төрагасы,**м.и.к. доцент О.И. Курбанбаев**электрондук журналдарды сабак учурунда толуруу керектигин өзү текшерүүсүнө ала турганын айтты. Ошондой эле быйылкы жаңы жылдык кечеге окутуучулук курамдын баары катышуусу зарыл экенин айтты. Отурумдун мүчөлөрүмаселени талкуулашып төмөндөгүдөй токтом кылат.

**Токтом:**

1. **Сабактар регламент боюнча түзүлгөн расписание менен өз убагында өтүлсүн жана сабака келбеген студенттерге чара көрүү боюнча деканатка билдирүү берилсин. Клиникалык ооруканааларда сабак өтүүчү окутуучулар ар бир сабагын фото отчет түрүндө методист-лаборанттарга жиберип турууга милдеттендирилсин.**
2. **Окутуучуларга студенттин сабака катышуусун жана сабактагы баллын эске алуу менен керектүү модулдук баллды коюу милдеттендирилсин.**
3. **Сабак учурунда ар бир дисциплинадан сабактын иштелмеси жана окуу методикалык колдонмолор болуусу ар бир мугалимге милдеттендирилсин. Аны көзөмөлдөө Н.К.Курманалиевге тапшырылсын.**
4. **Scopus журналдарына макала жарыялоо жана QS рейтиңгди көтөрүү кафедранын ар бир окутуучуна милдеттендирилсин.**
5. **1-жарым жылдыкта предметтер боюнча тесттик суроолорду түзүлүп кафедранын чечими менен бекитилсин.**
6. **Кафедранын ар бир мүчөсү КР нын ЖОЖнун Улуттук рейтингине активдүү катышууга милдеттендирилсин жана тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн.**
7. **Электрондук журналдар өз убагында толтурулсун жана жаңы жылдык кечеге окутуучулук курамдын баары катышсын.**

***Кафедра башчы, м.и.к., доцент:*** ***О.И.Курбанбаев***

***Катчы:*** ***Курманбек к А.***

Сканировано с CamScanner